КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИ

## 2026-ЖЫЛДЫН I ЧЕЙРЕГИ



Төлөм теңдеми – бул отчёттук мезгил аралыгындагы Кыргыз Республикасынын башка өлкөлөр менен ишке ашырылган тышкы экономикалык операциялары чагылдырылган статистикалык отчёт. Төлөм теңдеминде маалыматтар үч эсеп боюнча топтоштурулат: күндөлүк операциялар эсеби, капитал менен операциялар эсеби жана финансылык эсеп. Күндөлүк эсепте резиденттер жана резидент эместер ортосундагы товарлардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн, ошондой эле баштапкы жана экинчилик кирешелердин агымы көрсөтүлөт. Капитал менен операциялар эсебинде резиденттер жана резидент эместер ортосунда өндүрүлбөгөн финансылык эмес активдер жана капиталдык трансферттер менен жүргүзүлгөн операциялар камтылат. Финансылык эсепте резиденттердин чет өлкөлүк финансылык активдерин сатып алуусу жана резиденттердин резидент эместер алдындагы милдеттенмелерин кабыл алуусу жөнүндө маалымат чагылдырылат.

| **Төлөм теңдеминин компоненттери** | **“+” жана “-” белгилеринин чечмелениши** |
|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсебинин сальдосу** | “+” – профицит; “-” – тартыштык |
| *Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр сальдосу* | “+” – профицит; “-” – тартыштык |
| *Баштапкы кирешелер сальдосу, экинчилик кирешелер сальдосу* | “+” – профицит; “-” – тартыштык |
| **Капитал менен операциялар эсебинин сальдосу** | “+” – профицит; “-” – тартыштык |
| **Финансылык эсеп** | “+” – таза кредиттөө (агылып чыгуу);<br>“-” – таза карыз алуу (агылып кирүү) |
| **Таза каталар жана калтырып кетүүлөр** | “+” – оң;<br>“-” – терс |

“Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми” мамлекеттик органдардан, коммерциялык банктардан жана башка булактардан түшкөн статистикалык маалыматтардын негизинде даярдалган. Төлөм теңдемин түзүүнүн мыйзамдуу негизи катары Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 11-августундагы № 92 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” конституциялык Мыйзамы саналат.

Басылмада тышкы сектордун өнүгүүсүнүн акыркы тенденциялары чагылдырылган жана анда төлөм теңдеми, эл аралык инвестициялык позиция жана тышкы карыз боюнча маалыматтар, ошондой эле төлөм теңдемин түзүү методикасы жана маалымат базасы камтылган. Басылма жыл ичинде төрт жолу: февраль, июнь, август жана ноябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгат.

**Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2026-жылдын 20-августу.**

**Шарттуу белгилер жана эскертүүлөр:**

... маалыматтардын жок экендигин билдирет;

— көрсөткүчтөр 0 (нөлгө) барабар же бир аз экендигин билдирет;

– жылдар же айлар ортосундагы мезгил аралыгы (мисалы, 1994 - 1996-жылдар же январь - июль айлары), бул көрсөтүлгөн интервалда бардык жылдарды жана айларды камтыган үзгүлтүксүз мезгилди билдирет.

Басылмада пайдаланылуучу эсепке алуу методологиясынын же буга чейин колдонулуп келген маалыматтардын өзгөртүлүшү ыктымалдыгына байланыштуу, мурда келтирилген маалыматтар корректировкаланышы мүмкүн жана ага ылайык 10 жылды камтыган мезгил аралыгы “ачык” деп эсептелет.

Маалыматтарды тегеректөөдөн улам, акыркы саптарда суммаларды чыгарууда бир аз ажырым болушу мүмкүн.

Басылмага байланыштуу суроолор боюнча asultanalieva@nbkr.kg электрондук почтасы, же (+996 312) 61-09-21, 66-90-15 (+ 1178), (+ 1180) телефондору боюнча кайрылууга болот.

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

Төрага: А. Козубеков
Кеңештин мүчөлөрү: А. Алиев, А. Мамбеткул кызы
Жооптуу катчы: А. Султаналиева

Отчёттун PDF-версиясы жана төлөм теңдеми боюнча кошумча статистикалык маалыматтар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын www.nbkr.kg сайтында жайгаштырылган.
Түз кирүү үчүн QR-кодду сканерден өткөргүлө:

Басылманы даярдоого жооптуу аткаруучулар:
Р. Алмакунова, М. Абдубачаев, С. Эсенов, М. Назыркулова.

Уюштуруучу – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн.
Каттоо номери 605. ISSN 1694-8955.

© Улуттук банк, 2026. Басылманы кайра басып чыгарууда Улуттук банктын уруксатын алуу, ал эми үзүндү келтирүүдө милдеттүү түрдө булагын көрсөтүү зарыл.

# КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **ДТК** | дүң тышкы карыз |
| **ИДӨ** | ички дүң өнүм |
| **МТК** | мамлекеттик тышкы карыз |
| **МИ** | мамлекеттик ишкана |
| **ЕАЭБ** | Евразия экономикалык бирлиги |
| **КБ** | коммерциялык банктар |
| **ЭВФ** | Эл аралык валюта фонду |
| **КР ТИМ** | Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги |
| **ЭССК** | Эл аралык стандарттык соода классификациясы |
| **КР ФМ** | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| **КРУБ** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| **ҮЧТКЭУ** | үй чарбаларын тейлөөчү коммерциялык эмес уюмдар |
| **КР УСК** | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети |
| **БФКУ** | банк эмес финансы-кредит уюмдар |
| **НЭАК** | номиналдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| **БАЭ** | Бириккен Араб Эмираттары |

| | |
|---|---|
| **Жалпы ТК** | жалпы тышкы карыз |
| **АКЖО** | акча-кредиттик жөнгө салуу органдары |
| **ЭКӨУ** | Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму |
| **МИП** | мамлекеттик инвестициялар программасы |
| **РЭАК** | реалдуу эффективдүү алмашуу курсу |
| **ААА** | атайын административдик аймак |
| **СИФ** | импортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| **АКУ** | Атайы карыз алышуу укугу (Special Drawing Rights) |
| **КЭ** | күндөлүк эсеп |
| **АКШ** | Америка Кошмо Штаттары |
| **ТЭИТН** | Тышкы экономикалык ишкердиктин товардык номенклатурасы |
| **ФОБ** | экспортёр-өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| **Жеке ТК** | жеке тышкы карыз |

# МАЗМУНУ

1. *Тышкы операциялар: негизги элементтер* ..... 7

2. *Күндөлүк операциялар эсебинин динамикасы* ..... 8

3. *Капитал менен операциялар эсебинин балансы* ..... 13

4. *Финансылык эсеп боюнча баяндама* ..... 13

5. *1-тиркеме. Төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)* ..... 15

6. *2-тиркеме. Төлөм теңдемин түзүү үчүн маалымат булактары* ..... 19

# ТЫШКЫ ОПЕРАЦИЯЛАР
## НЕГИЗГИ ЭЛЕМЕНТТЕР

2026-жылдын I чейрегинин жыйынтыгы

### ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР МЕНЕН ТЫШКЫ СООДА

Кызмат көрсөтүүлөр балансы боюнча алганда, өткөн жылдын биринчи чейрегине салыштырганда резиденттер тарабынан резидент эместерге көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмү жогору калыптангандыгы байкалган.

### ЖЕКЕ СЕКТОРДУН ТРАНСФЕРТТЕРИ

Чет өлкөлөрдө иштеп жаткандардын акча которуулары күндөлүк операциялар эсеби боюнча каражаттардын түшүүсүнө таасирин тийгизип, төлөм теңдемин каржылаган негизги булактардын бири болуп саналган.

### ЧЕТ ӨЛКӨ КАПИТАЛЫНЫН АГЫЛЫП КИРҮҮСҮ

Финансылык эсеп боюнча түшүүлөр экономика үчүн ресурстардын кошумча агылып кирүүсүн камсыздап, өлкөнүн тышкы экономикалык ишине колдоо көрсөткөн.

### ЭЛ АРАЛЫК РЕЗЕРВДЕРДИН ӨСҮШҮ

Дүң эл аралык резервдер 59,5% өсүү менен буга чейин катталган эң эле жогору көрсөткүчкө жетип, төлөм теңдеминин туруктуулугун бекемдөөгө таасирин тийгизген.



## Күндөлүк операциялар эсебинин динамикасы

**Күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу, эң башкысы, кызмат көрсөтүүлөр импортунун жана резидент эместерге төлөнүүчү инвестициялык кирешелердин өсүшүнүн натыйжасында жогорулаган.**

2026-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 22,0% өсүп, 1 727,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул өлкөнүн ИДӨсүнүн 24,4% эквиваленттүү. Күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгынын негизги булагы катары, мурдагыдай эле, экспорттук сунуштоолорго караганда импорт көлөмүнүн олуттуу артышы сакталып тургандыгынын натыйжасында келип чыккан терс тышкы соода балансы саналат. Экинчилик кирешелердин оң балансынын төмөндөшү жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун өсүшү күндөлүк эсеп тартыштыгынын өсүшүнө кошумча таасирин тийгизген.

**Товарлар балансынын тартыштыгынын көбөйүшү импорттук берүүлөрдүн жогору деңгээли сакталып турган шартта экспорт көлөмүнүн бир аз төмөндөшүнүн натыйжасында келип чыккан.**

2026-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча соода балансынын терс сальдосу 2025-жылдын биринчи чейрегине салыштырганда 2,5% жогорулап, ФОБ баасында 2 243,4 млн АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн. Карооого алынган мезгилде ФОБ бааларда тышкы соода жүгүртүү 1,0 % төмөндөп, 3 267,9 млн АКШ долларын түзгөн.

*1-график. Күндөлүк операциялардын компоненттери*

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




**Товарлар экспорту** ФОБ баасында 512,2 млн АКШ долларын түзгөн (8,0 % төмөндөө). Алтынды эске албаганда экспорт 1,4% төмөндөп, 496,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Экспорттук сунуштоолордун товардык түзүмү негизинен жеңил өнөр жайы, энергия продукцияларынан жана айыл чарба товарларынан турган.

2026-жылдын биринчи чейрегинде **товарлар экспортунун географиялык түзүмүндө** басымдуу салыштырма салмак ЕАЭБ өлкөлөрүнө туура келген (56,2%).

Товарлар экспортунун басымдуу көлөмү Россияга (ЕАЭБ өлкөлөрүнө экспорттун жалпы көлөмүнүн 59,2%) жана Казакстанга (37,6%) жөнөтүлгөн. Ал эми ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн ичинен ири өнөктөш катары Өзбекстан (ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн экспортунун жалпы көлөмүнүн 23,9%), Кытай (18,2%) жана Бириккен Араб Эмирликтери (16,9%) катталган. ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдүн суммардык үлүшү товарлар экспортунун жалпы көлөмүнүн 43,8% түзгөн.

**Товарлар импорту** базалык мезгилдеги көрсөткүчкө салыштырганда 0,4% өсүп, ФОБ баасында 2 755,6 млн АКШ долларына жеткен. Мунай заттарын импорттоо ФОБ баасында 1,6% төмөндөп, 260,0 млн АКШ долларын түзгөн. Мунай заттарын эске албаганда импорт бир аз өсүп, 2 495,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

**Импорттун географиялык түзүмүндө** ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн түшүүлөр басымдуу үлүштү ээлеген (импорттун жалпы көлөмүнүн 60,9%). Мурдагыдай эле, соода боюнча ири өнөктөш өлкө катары Кытай белгиленген, ал ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн сунуштоолордун 53,7% камсыздаган. Импорт түзүмүндө олуттуу орунду ошондой эле

*2-график. Соода балансы*

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




*3-график. Экспорттун 2026-жылдын I чейреги ичиндеги функционалдык түзүмү*




*4-график. Импорттун 2026-жылдын I чейреги ичиндеги функционалдык түзүмү*



Өзбекстан, Корея Республикасы жана Түркия ээлеп, алардын жалпы үлүшү ЕАЭБге кирбеген өлкөлөрдөн сунуштоо көлөмүнүн 20,3% түзгөн.

Отчёттук мезгил ичинде импорттун жалпы көлөмүндө ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин салыштырма салмагы 39,1% түзгөн. Сунуштоолордун олуттуу көлөмү Россия жана Казакстан тарабынан камсыздалган, алар тиешелүүлүгүнө жараша, ЕАЭБ өлкөлөрүнөн жалпы импорттоо көлөмүнүн 71,6% жана 26,0% ээлеген.

**Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансындагы терс динамика резидент эместерге сунушталуучу кызмат көрсөтүүлөр көлөмүнө салыштырмалуу кызмат көрсөтүүлөр импортунун кыйла өсүшү менен шартталган.**

Кароого алынган мезгил ичинде эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансынын сальдосу 3,4 млн АКШ доллары суммасында терс мааниде түптөлгөн (2025-жылдын биринчи чейрегинде 94,8 млн АКШ долларына каршы). Өткөн мезгилдерде сыяктуу эле, эл аралык кызмат көрсөтүүлөрдү жүгүртүү түзүмү туруктуу сакталып турган: негизги үлүш мурдагыдай эле үч статьяга – кыдырууларга, транспорт кызматтарына, ошондой эле жеке адамдарга маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөргө туура келген, алар чогуу алганда кызмат көрсөтүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 76,2% ээлеген.

“Кыдыруулар” статьясы боюнча сальдо 10,9% артып, 113,2 млн АКШ доллары өлчөмүндө профицит менен түптөлгөн. Туристтер агымынын өсүшүнөн, ошондой эле резидент эместерге сунушталуучу жана жеке кыдыруулар курамына кошулуучу билим берүү кызматтарынын көлөмү өскөндүгүнөн улам кыдыруулар экспорту 12,0% жогорулаган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет өлкөдө чыгашалары 12,9% өскөндүгү байкалган, бул туристтик кыдыруулардын жана билим берүүгө байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен шартталган.

**_5-график. Эл аралык кызмат көрсөтүүлөр балансы_**
_(ИДӨгө карата пайыздарда)_




Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр балансы терс сальдодо түптөлүп, 2,7% көбөйүү менен 174,3 млн АКШ долларын түзгөн. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импортунда аба жана автоунаа транспорту менен ишке ашырылуучу жүргүнчүлөрдү, жүктөрдү жана башкаларды ташуу көлөмү өскөндүгү байкалган, ал эми экспорттун өсүшү өзгөчө аба транспорту менен ишке ашырылуучу жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

**Отчёттук мезгил ичинде резидент эместерге инвестициялык кирешелер боюнча төлөөлөр көлөмүнүн өсүшү баштапкы кирешелер балансынын терс сальдосунун артышына таасирин тийгизген.**

Талдоого алынган мезгилде баштапкы кирешелер статьясынын терс балансы 2025-жылдын биринчи чейрегиндеги деңгээлден 2,7 эсеге жогорулап, 167,6 млн АКШ долларын түзгөн. Мындай тенденция, эң оболу, инвестициялык кирешелер динамикасы менен шартталган. Алсак, чет өлкөлүк инвесторлорго төлөнүүчү кирешелер 2,2 эсеге өсүп, 189,7 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн, бул чет өлкөлүк инвесторлор тарабынан алынуучу резидент компаниялардын кайра инвестицияланган кирешелеринин өсүшүнүн эсебинен шартталган. Отчеттук мезгилде резиденттер тарабынан алууга чегерилген кирешелердин көлөмү 7,9% төмөндөп, 25,1 млн АКШ доллары чегинде калыптанган. Бул статья боюнча операциялардын дээрлик бардык көлөмү башка инвестициялар боюнча кирешелердин эсебинен камсыздалган.

***6-график. Баштапкы кирешелер балансы***

*(ИДӨгө карата пайыздарда)*




"Эмгек акы төлөө" статьясы боюнча терс сальдо, резидент эместердин Кыргыз Республикасында ишкердик жүргүзүүсүнүн натыйжасында алган кирешесинин жалпы көлөмүнүн бир аз өсүшүнүн эсебинен 4,4% өсүп, 3,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

**Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик кирешелердин оң балансы бир аз төмөндөгөн.**

2026-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча экинчилик кирешелер балансы 7,1% төмөндөп, 687,3 млн АКШ долларын түзгөн. Экинчилик кирешелердин негизги көлөмүн 693,4 млн АКШ доллары суммасында жеке сектордун трансферттеринин таза түшүүлөрү түзгөн, алардын олуттуу бөлүгү иштеп жаткандардын акча которууларына туура келген (жеке трансферттердин жалпы көлөмүнүн 99,4%). Иштеп жаткандардын Кыргыз Республикасына акча которууларынын таза агылып кирүүсү 2026-жылдын биринчи чейрегинде 7,0% төмөндөп, 689,3 млн  АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган.

Иштеп жаткандардын акча которууларынын дүң агылып кирүү түзүмүндө (749,6 млн АКШ доллары), мурдагыдай эле, акча которуу системалары каражаттардын келип түшүүсүнүн артыкчылыктуу каналы болуп саналат, ал аркылуу Кыргыз Республикасына 533,0 млн АКШ доллары келип түшкөн (20,3% төмөндөө). Акча которуу системаларынан кийин банктык мобилдик тиркемелер (банктык карталар), электрондук капчыктар жана банктык эсептер[1] аркылуу акча которуулар катталган, алардын көлөмү 1,9 эсеге өсүп, 168,5 млн АКШ долларына жеткен.

***7-график. Жеке адамдардын банк аркылуу түшкөн трансферттери***
*(млн АКШ долларында)*




***8-график. Чек ара аркылуу өтүүчү акча которуулардын динамикасы***
*(млн АКШ долларында)*




Иштеп жаткандардын Кыргыз Республикасынан акча которууларынын дүң агылып чыгуусу 21,5% кыскарып, 60,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

Эл аралык уюмдарга мүчөлүк төгүмдөр суммасынын өсүшү мамлекеттик сектордун экинчилик кирешелеринин терс балансынын 6,1 млн АКШ долларына чейин артышына алып келген.

[1] Банктык эсептер аркылуу жеке адамдардын ортосунда жүргүзүлгөн, 3000 АКШ долларынан ашпаган которуулар эске алынат.

# Капитал менен операциялар эсеби

**Капитал менен операциялар эсебинин сальдосунун профицити, эң оболу, капиталдык трансферттердин дүң агылып кирүүсү менен шартталган.**

2026-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгында капитал менен операциялар эсебинин оң сальдосу 4,7% төмөндөп, 23,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн. Өлкөгө түшкөн капиталдык трансферттердин дээрлик бардык көлөмү (23,0 млн АКШ доллары) мамлекеттик сектордун пайдасына мамлекеттик инвестициялар программасынын гранттары менен камсыздалган.

# Финансылык эсеп

**Финансылык эсеп (резервдик активдерди эске албаганда), эң оболу, резиденттердин башка инвестициялар боюнча активдеринин көбөйүшүнөн улам оң сальдодо түптөлгөн.**

2026-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча финансылык эсеп 2025-жылдын биринчи чейрегиндеги 19,1 млн АКШ долларына каршы 810,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдо маанисинде калыптанган. Мындай динамикага тике жана башка инвестициялар олуттуу салымын кошкон.

Тике инвестициялар боюнча 197,5 млн АКШ доллары өлчөмүндө каражаттардын агылып кирүүсү байкалган, бул эң оболу, резидент эместердин 161,8 млн АКШ доллары өлчөмүндө кирешелерин тике инвестициялоо ишканаларына кайра инвестициялоонун эсебинен милдеттенмелердин жогорулашы менен шартталган.

Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүүсүнүн негизги көлөмү иштеп чыгаруу өндүрүшү (47,8 млн АКШ доллары), финансылык

***9-график. Финансылык эсептин сальдосу***
*(ИДӨгө карата пайыздарда)*



ортомчулук жана камсыздандыруу (47,2 млн АКШ доллары), кесиптик, илимий жана техникалык иш (44,3 млн АКШ доллары), маалымат жана байланыш (37,1 млн АКШ доллары), дүң жана чекене соода жүргүзүү (36,5 млн АКШ доллары) чөйрөлөрүндө ишкердигин жүргүзгөн ишканалар тарабынан камсыздалган.

Башка инвестициялар боюнча 2026-жылдын биринчи чейрегинде негизинен резиденттердин накталай валюта жана депозиттер түрүндө активдеринин артышы эсебинен 1 007,4 млн АКШ доллары өлчөмүндө каражаттардын агылып чыгуусу байкалган. Резиденттердин тышкы дүйнө алдында милдеттенмелери, эң оболу, мамлекеттик сектордун кредиттик карыздарынын жана карыздын негизги суммасы боюнча төлөөлөрдүн азайышынын эсебинен 344,6 млн АКШ долларына азайган.

*График 10. Тике чет өлкө инвестицияларынын таза агылып кирүү динамикасы*
*(млн АКШ долларында)*




*График 11. Экономика тармактары боюнча тике чет өлкө инвестициялары*
*(млн АКШ долларында)*




Ошентип, кароого алынган мезгилде резиденттер менен резидент эместер ортосунда жүргүзүлгөн төлөм теңдеминин статьялары боюнча бардык тышкы экономикалык операцияларды эске алганда, төлөм теңдеминин жалпы сальдосу 421,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө оң мааниде түптөлгөн.

2026-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча дүң эл аралык резервдердин көлөмү 8 689,0 млн АКШ долларын түздү (59,5% өсүш), бул келечекте товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 6,1 айынын ордун жабат.

## 1-тиркеме. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (аналитикалык берүүдө)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | I'25 | I'26 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | **-5 142,7** | **-6 820,1** | **-4 111,9** | **-5 436,5** | **-1 416,1** | **-1 727,0** |
| **Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | -7 027,2 | -8 936,9 | -6 644,3 | -8 740,5 | -2 093,0 | -2 246,8 |
| экспорт | 3 628,1 | 5 516,5 | 8 453,8 | 6 388,1 | 1 269,9 | 1 276,0 |
| импорт | 10 655,4 | 14 453,4 | 15 098,1 | 15 128,6 | 3 362,9 | 3 522,8 |
| **Соода балансы** [1] | -6 918,7 | -8 285,6 | -6 534,1 | -9 258,7 | -2 187,8 | -2 243,4 |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча экспорт (ФОБ баасында) | 2 240,3 | 2 095,1 | 2 630,1 | 2 157,7 | 503,0 | 496,0 |
| *анын ичинде реэкспорт* | 154,7 | 150,7 | 170,8 | 195,7 | 34,3 | 0,0 |
| Монетардык эмес алтын | 13,1 | 1 284,3 | 2 506,1 | 682,9 | 53,7 | 16,2 |
| Импорт (ФОБ баасында) | 9 172,1 | 11 665,1 | 11 670,3 | 12 099,3 | 2 744,5 | 2 755,6 |
| **Кызмат көрсөтүүлөр балансы** | -108,5 | -651,2 | -110,2 | 518,2 | 94,8 | -3,4 |
| экспорт | 1 374,8 | 2 137,0 | 3 317,6 | 3 547,5 | 713,2 | 763,8 |
| импорт | 1 483,3 | 2 788,3 | 3 427,9 | 3 029,3 | 618,4 | 767,2 |
| *Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр* | -547,4 | -824,6 | -654,4 | -647,6 | -169,7 | -174,3 |
| экспорт | 364,8 | 388,5 | 593,2 | 440,6 | 87,7 | 100,2 |
| импорт | 912,3 | 1 213,1 | 1 247,6 | 1 088,2 | 257,4 | 274,4 |
| *Кыдыруулар* | 537,7 | 492,3 | 380,6 | 590,8 | 102,1 | 113,2 |
| экспорт | 755,7 | 1 024,1 | 963,7 | 1 186,0 | 237,8 | 266,4 |
| импорт | 217,9 | 531,8 | 583,1 | 595,2 | 135,7 | 153,2 |
| *Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр* | -70,5 | -235,6 | 97,2 | 51,9 | -17,1 | 93,2 |
| экспорт | 91,2 | 387,2 | 859,3 | 534,9 | 76,9 | 232,7 |
| импорт | 161,7 | 622,8 | 762,2 | 483,0 | 94,0 | 139,5 |
| *Башка кызмат көрсөтүүлөр* | -28,3 | -83,3 | 66,4 | 523,0 | 179,4 | -35,5 |
| экспорт | 163,1 | 337,2 | 901,3 | 1 386,0 | 310,7 | 164,5 |
| импорт | 191,4 | 420,5 | 835,0 | 863,0 | 131,3 | 200,0 |
| **Баштапкы кирешелер балансы** [1] | -270,4 | -193,8 | -239,9 | -95,0 | -63,1 | -167,6 |
| Алууга | 29,4 | 85,5 | 123,9 | 134,3 | 27,2 | 25,1 |
| Төлөөгө | 299,8 | 279,3 | 363,8 | 229,2 | 90,4 | 192,6 |

## 1-тиркеме. (уландысы)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | г25 | г26 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Эмгекке төлөө (нетто)* | -9,2 | -6,5 | -7,2 | -11,6 | -2,8 | -3,0 |
| Алууга | — | — | — | — | — | — |
| Төлөөгө | 9,2 | 6,5 | 7,2 | 11,6 | 2,8 | 3,0 |
| *Инвестициялык кирешелер* | -261,2 | -187,2 | -232,7 | -83,4 | -60,3 | -164,6 |
| Алууга кирешелер | 29,4 | 85,5 | 123,9 | 134,3 | 27,2 | 25,1 |
| Төлөөгө кирешелер | 290,5 | 272,7 | 356,6 | 217,6 | 87,5 | 189,7 |
| **Экинчилик кирешелер** | 2 154,9 | 2 310,5 | 2 772,3 | 3 399,0 | 740,1 | 687,3 |
| Алууга | 3 382,4 | 2 894,9 | 3 246,8 | 3 814,3 | 820,3 | 753,8 |
| Төлөөгө | 1 227,5 | 584,4 | 474,5 | 415,3 | 80,2 | 66,5 |
| **Капитал менен операциялар** | 180,8 | 220,6 | 154,8 | 195,6 | 24,4 | 23,3 |
| Алууга | 196,2 | 231,5 | 156,5 | 195,6 | 24,4 | 23,3 |
| Төлөөгө | 15,4 | 10,9 | 1,7 | — | — | — |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алышуу (-) (күндөлүк операциялар эсебинин жана капитал менен операциялар эсебинин маалыматтары боюнча сальдо)*** | -4 961,9 | -6 599,5 | -3 957,1 | -5 240,9 | -1 391,6 | -1 703,8 |
| **Финансылык эсеп** | -522,5 | -157,8 | -1 214,9 | -2 269,3 | 19,1 | 810,0 |
| ***Таза кредиттөө (+)/ таза карыз алышуу (-) (финансылык эсептин маалыматтары боюнча сальдо)*** | -522,5 | -157,8 | -1 214,9 | -2 269,3 | 19,1 | 810,0 |
| **Тике инвестициялар**[1] | -509,5 | -151,3 | -238,0 | -216,2 | -101,4 | -197,5 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | -454,6 | 7,9 | 17,4 | 22,8 | 4,9 | 20,4 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 54,8 | 159,2 | 255,3 | 239,0 | 106,3 | 217,9 |
| **Портфелдик инвестициялар** | -0,4 | -0,3 | -0,4 | -700,2 | -0,1 | — |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | — | — | — | — | — | — |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 700,2 | 0,1 | — |
| **Туунду финансылык инструменттер** | 0,7 | 9,6 | -0,6 | -6,5 | 0,0 | — |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | 3,2 | 3,2 | -2,3 | -8,0 | -1,5 | — |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 2,5 | -6,4 | -1,7 | -1,5 | -1,5 | — |

## 1-тиркеме. (уландысы)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | Г25 | Г26 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Башка инвестициялар** | -13,4 | -15,8 | -975,9 | -1 346,3 | 120,6 | 1 007,4 |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | 885,4 | 425,6 | 1 165,4 | 891,1 | 68,6 | 662,8 |
| Капиталда башка катышуу | — | — | — | — | — | — |
| Накталай валюта жана депозиттер | 596,1 | 269,9 | 600,7 | 545,1 | -183,4 | 873,5 |
| Борбордук банк | -63,4 | 32,3 | -22,1 | 12,3 | -5,4 | -7,1 |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 678,2 | 272,7 | 610,1 | 539,1 | -179,5 | 876,3 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | -18,7 | -35,1 | 12,7 | -6,3 | 1,5 | 4,3 |
| Ссуда жана насыялар | 0,7 | 0,5 | -1,8 | -0,3 | -0,1 | 0,0 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 0,7 | 0,5 | -1,8 | -0,3 | -0,1 | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | — | — | — | — | — | — |
| Камсыздандыруу, пенсиялык программалар жана стандарттык гарантиялардын программасы | — | — | — | — | — | — |
| Соода кредиттери жана аванстар | 290,7 | 110,1 | 522,2 | 372,2 | 250,9 | -201,4 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | — | — | — | — | — | — |
| Башка секторлор | 290,7 | 110,1 | 522,2 | 372,2 | 250,9 | -201,4 |
| Башка дебитордук карыз | -2,1 | 45,2 | 44,3 | -25,9 | 1,2 | -9,3 |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | 898,7 | 441,4 | 2 141,4 | 2 237,5 | -52,0 | -344,6 |
| Капиталда башка катышуу | — | — | — | — | — | — |
| Накталай валюта жана депозиттер | 429,1 | 63,7 | 287,8 | 256,2 | 108,4 | 38,5 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | 429,1 | 63,7 | 287,8 | 256,2 | 108,4 | 38,5 |

## 1-тиркеме. (уландысы)

*(млн АКШ долларында)*

| | 2022 | 2023 | 2024 | 2025 | г25 | г26 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ссуда жана насыялар | 187,0 | 241,7 | 632,0 | 1 189,5 | -72,8 | -75,9 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Борбордук банкты кошпогондо, депозиттик уюмдар | -36,6 | -13,4 | 6,1 | 2,9 | -3,1 | -13,1 |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | 192,1 | 159,2 | 93,6 | 121,2 | -46,4 | -54,6 |
| Башка секторлор | 31,4 | 95,9 | 532,3 | 1 065,4 | -23,3 | -8,2 |
| Камсыздандыруу, пенсиялык программалар жана стандарттык гарантиялардын программасы | — | — | — | — | — | — |
| Соода кредиттери жана авансытары | 282,6 | 136,0 | 1 221,6 | 791,7 | -87,6 | -307,2 |
| Башка секторлор | 282,6 | 136,0 | 1 221,6 | 791,7 | -87,6 | -307,2 |
| Башка кредитордук карыз | — | — | — | — | — | — |
| Атайын карыз алышуу укугу | — | — | — | — | — | — |
| **Каталар жана калтырып кетүүлөр** | 3 998,4 | 6 448,1 | 2 976,3 | 3 235,8 | 1 597,5 | 2 092,7 |
| **Жалпы баланс** | 441,0 | -6,4 | -234,0 | -264,2 | -186,7 | 421,0 |
| **Камдык активдер жана аларга тиешелүү статьялар** | -441,0 | 6,4 | 234,0 | 264,2 | 186,7 | -421,0 |
| Резервдик активдер[2] | -456,1 | -64,4 | 139,1 | 212,4 | 167,3 | -425,0 |
| Монетардык алтын | — | — | — | — | — | — |
| Атайын карыз алышуу укугу | -124,4 | -53,6 | 39,5 | 48,0 | -2,2 | 28,5 |
| ЭВФтеги резервдик позиция | — | — | — | — | — | — |
| Башка резервдик активдер | -331,7 | -10,8 | 99,6 | 164,4 | 169,5 | -453,6 |
| ЭВФ менен операциялар боюнча ссуда жана насыялар (резервди кошпогондо) | -21,6 | -70,8 | -94,9 | -51,8 | -19,4 | -4,0 |
| Борбордук банк | — | — | — | — | — | — |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | -21,6 | -70,8 | -94,9 | -51,8 | -19,4 | -4,0 |
| Өзгөчө каржылоо | 6,6 | — | — | — | — | — |

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алганда

[2] ЭВФ методологиясына ылайык, резервдик активдердин курамына кошуу үчүн, Кыргыз Республикасынын резиденттеринен куйма түрүндөгү алтынды сатып алууга байланыштуу операциялар резервдик активдерден алынып салынган.

## 2-тиркеме. Төлөм теңдемин түзүү үчүн маалымат булактары

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Күндөлүк операциялар эсеби** | | |
| **Товарлар** | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Төлөм теңдеминин методологиясы боюнча товарлар экспорту/импорту | | |
| экспорт | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| импорт | УСК | |
| Монетардык эмес алтын | УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | | |
| Башка тараптарга таандык материалдык ресурстарды иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК | |
| Башка категорияларга кирбеген ремонт жана техникалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Кыдыруулар | УСК, КБ | республикага (республикадан) кирген (чыккан) жарандардын санынын негизинде түзүлгөн методикага ылайык баа берүү |
| Курулуш | КБ | |
| Камсыздандыруу жана пенсиялык камсыздоо чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Финансылык кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Интеллектуалдык менчикти пайдалануу үчүн төлөө | КБ | |
| Телекоммуникациялык, компьютердик жана маалыматтык кызмат көрсөтүүлөр | УСК, КБ | |
| Башка ишкердик кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| анын ичинде, техникалык жардам | ЭВФ, Финансы министрлиги | баа берүү маалыматтары |
| Жеке жактарга кызмат көрсөтүүлөр жана маданият жана эс алуу чөйрөсүндө кызмат көрсөтүүлөр | КБ | |
| Башка категорияларга кирбеген мамлекеттик товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр | ТИМ, КБ, Улуттук банк | Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү өкүлчүлүктөрүн күтүүгө чыгашалар боюнча маалыматтар; Кыргыз Республикасындагы чет мамлекеттердин өкүлчүлүктөрүнүн чыгашалары жөнүндө маалымат |
| **Баштапкы кирешелер** | | |
| Эмгекке төлөө | УСК, КБ, Ишканалар | |
| Инвестициялык кирешелер | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | 1-ИНВЕСТ отчеттуулук формасы боюнча биргелешкен жана чет мамлекеттердин ишканаларынан топтолгон тике инвестициялар боюнча кирешелер жөнүндө маалымат |
| Портфелдик инвестициялар | Улуттук банк, КБ | |
| Башка инвестициялар | ФМ, Улуттук банк, УСК, КБ | |

## 2-тиркеме. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| **Экинчилик кирешелер** | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Жеке трансферттер (резидент-үй чарбалары менен резидент эмес-үй чарбалары ортосунда күндөлүк трансферттер) | | |
| *анын ичинде иштеп жаткандардын акча которуулары* | КБ, УСК, Улуттук банктын баа берүүлөрү | |
| Башка күндөлүк трансферттер | УСК, КБ | |
| **Капитал менен операциялар эсеби** | | |
| Капиталдык трансферттер | | |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ЭВФ, ФМ, УСК | товарлар түрүндө гранттардын жалпы көлөмүндөгү капиталдык товарлардын үлүшүнө баа берүү |
| Карызды кечүүгө байланыштуу трансферттер | Ишканалар, Финансы министрлиги | |
| Финансылык уюмдар, финансылык эмес ишканалар, үй чарбалары жана коммерциялык эмес үй чарба уюмдары | УСК | |
| **Финансылык эсеп** | | |
| Тике инвестициялар | УСК, КБ | |
| Финансылык активдерди таза сатып алуу | | |
| Инвестициялык фонддордун капиталында жана пайларында/активдеринде катышуу | УСК, КБ | |
| Карыздык инструменттер | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Капиталда катышуу жана инвестициялык фонддордун пайлары/акциялары | УСК, КБ | |
| Портфелдик инвестициялар | УСК | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Карыздык баалуу кагаздар | КБ | |
| Туунду финансылык инструменттер (резервдерден тышкары) жана кызматкерлер үчүн акцияларга опциондор | КБ | |
| Башка инвестициялар | УСК | |
| Нак валюта жана депозиттер | | |
| Борбордук банк | КБ | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | |
| Башка секторлор | УСК | |

## 2-тиркеме. (уландысы)

| Төлөм теңдеминин статьясы | Маалымат булактары | Эскертүү |
|---|---|---|
| Ссудалар жана карыздык каражаттар | | |
| Финансылык активдерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банкты эске албаганда | КБ | |
| Милдеттенмелерди таза кабыл алуу | | |
| Депозиттик уюмдар, борбордук банктан тышкары | КБ | коммерциялык банктар тарабынан алынган кредиттер боюнча банктык статистика маалыматтары |
| Мамлекеттик башкаруу сектору | ФМ, Улуттук банк | |
| Башка секторлор | УСК | |
| Соода кредиттери жана аванстар | УСК | |
| Башка дебитордук/кредиттик карыз | ФМ, КБ, УСК | |
| Атайын карыз алышуу укугу (милдеттенмелерди таза кабыл алуу) | ФМ, Улуттук банк | |
| Резервдик активдер | Улуттук банк | |

КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТӨЛӨМ ТЕҢДЕМИ

## 2026-ЖЫЛДЫН I ЧЕЙРЕГИ

